требует доказательств. 2) так как имплицитная информация не выражена явно, рекламиста и рекламодателя труднее привлечь к юридической ответственности.

**Список использованной литературы:**

1. Аниськина Н.В. Языковые особенности и структура текста в радиорекламе/Н.В. Аниськина//Вестник Костромского государственного университета им. Н.А. Некрасова. — 2010. — Т. 16. — № 1.
2. Викентьев И. Л. Приемы рекламы: методика для рекламодателей и рекламистов. - Новосибирск: Наука, 1993.
3. Назайкин А.Н. Практика рекламного текста. - М.: Бератор-Пресс, 2003.
4. Ромат Е. Форма рекламного обращения // Маркетинг и реклама.- 1997. - № 12. - С. 22-25.
5. Сулягин, Ю.А. Реклама. Учебное пособие. / Ю. А. Сулягин, В. В. Петров – М., 2006. – 532 с.

**List of used literature:**

1. Aniskina N.V. Language features and text structure in radio advertising / N.V. Aniskina // Bulletin of the Kostroma State University. ON. Nekrasov. - 2010. - T. 16. - No. 1.
2. Vikentiev I. L. Advertising techniques: a technique for advertisers and advertisers. - Novosibirsk: Science, 1993.
3. Nazaikin A.N. Practice advertising text. - M .: Berator-Press, 2003.
4. Romat E. Form of advertising appeal // Marketing and advertising. - 1997. - No. 12. - P. 22-25.
5. Sulyagin, Yu.A. Advertising. Tutorial. / Yu.A. Sulyagin, V.V. Petrov - M., 2006 .-- 532 p.

**Рецензент: к.филол.н., доцент Каратаева С.К.**

УДК 821 (575.2)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2020-1-14-20

**Казиева Кыял Кенжебековна**
Илим изилдөөчү КРнын Улуттук илимдер академиясы Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту
**Казиева Кыял Кенжебековна**
Научный исследователь Национальная академия наук КР. Институт языка и литературы им. Ч.Айтматова
**Kazieva Kyial Kenjebekovna**
External doctoral candidate National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic., Institute of language and literature named after CH. Aitmatov

## СОВЕТБЕК БАЙГАЗИЕВДИН ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ЭМГЕКТЕРИНДЕГИ ЖАҢЫЧА ИЗДЕНҮҮЛӨР

## НОВЫЕ ПОИСКИ В ПУБЛИЦИСТИЧЕСКОМ ТРУДЕ СОВЕТБЕКА БАЙГАЗИЕВА

## NEW SEARCHES IN THE PUBLISTIC WORKS OF SOVETBEK BAIGASIEV

**Аннотация:** Публицист Советбек Байгазиевдин публицистикалык чыгармаларындагы жаңычылдыктар жөнүндө сөз болот. “Чыңгызга карышкырдан кат”, “Катастрофа алдында ачылган сыр”, “Улутум кыргыз, урааным Манас” (дискуссия) сыяктуу публицистикалык чыгармаларындагы дискуссия формасы – публицистикадагы коомду ынандыруунун өзгөчө түрү катары бааланат. Советбек Байгазиевдин өз оюн коомго жеткирүү чеберчилиги талданат.

**Аннотация:** Речь идет о новшествах в публицистических произведениях публициста Советбека Байгазиева. Форма дискуссии в публицистических произведениях, таких как “Письмо волка к Чынгызу” “Тайна перед катастрофой”, “Улутум кыргыз, ураным Манас” (дискуссия), оценивается как особый вид убеждения общества в публицистике. Проанализируется убеждающий мастерство С.Байгазиева.

**Annotation:** There will be about innovations in the journalistic works of the publicist Sovetbek Baigaziev. The form of discussion in journalistic works, such as”Karyshkyrdan Chyngyzga kat“,” Katastrofa aldynda achylgan syr",” Ulutum Kyrgyz, uranym Manas" (as a discussion) is evaluated as a special type of public belief in journalism. There will be analyzed of Sovetbek Baigaziev's ability to convey his thoughts to the public.

**Түйүндүү сөздөр:** Публицистика, жаңычылдык, диалогия, ынандыруу, дискуссия, катастрофа, Манас, Советбек Байгазиев.

**Ключевые слова:** Публицистика, новизна, диалогия, убеждение, дискуссия, катастрофа, Манас, Советбек Байгазиев.

**Key word:** Journalism (publicism), novelty, dialogue, persuasion, discussion, disaster, Manas, Sjvetbek Baigasiev

Советбек Байгазиевдин публицистикалык ишмердүүлүгүндө козголгон маселени чечүүгө болгон өзүнүн сунуштарында өз оюна коомду ынандыра билүү чеберчилиги бар. А чынында публицистиканын эң негизги, өзөктүү максаты – автор коомго өз үнүн, позициясын билдирүү эмеспи. “Одним из принципов, лежащих в основе метода убеждение в публицистике научность во всех значениях этого понятия”[5] – деп айтылат орус публицистикасынын теориясында. Советбек Байгазиевдин публицистикалык эмгектеринин документалдуулугу, фактылардын көптүгү коомдуу ынандыра билүүчү күчкө ээ болуп, анын ишмердүүлүгүнүн бирден бир принцибине айланган. Негизи эле ынандыруу деген эмне? Аны кандай түшүнсө болот? Орус публицистикасынын теориясында ынандыруу туурасында мындайча айтылат: Убеждение – это не просто знание, это глубоко прочувствованное знание, знание-страсть. Для того, чтобы принять ту или иную точку зрения как свою собственную, человек должен полностью идентифицировать ее со своим внутренним «я», иными словами, прочно включить ее в психику, в свои чувства и эмоции [5].

Советбек Байгазиевдин публицистикалык ишмердүүлүгүнүн изденүүлөрү өтө ар түрдүү болду. Ал коомдогу көйгөйлүү маселелерди козгоодо, элге жеткирүүдө адабий жанрлардын бир канча түрүн пайдаланып көрдү. Эмоцияга чулганган, духу күчтүү чакырыктардан турган, ызалануудан, кайгыруудан, маңдай жарылган сүйүнүчтөн турган, жүрөк күүсү менен коомдук маселеге кайдыгер эмес экенин туюндуруп турган канаттуу публицистикалык ырларды жазды. “Кишенден бошонгон рухтун ырлары” (2008)[1], “Жалгыз

кайык" (2020)[2] аттуу китептери жарык көрдү. 90-жылдары эгемендүүлүккө жаңы ээ болгон коомдун барар багытын улуттук кыртышта сактап калууда гезит беттерине байма-бай макалаларын жарыялап турду. Ал бир гана адабият менен алектенбестен, коомдун улут катары сакталып калышына таасир бере турган педагогика илими менен, философия, социология илимдери менен да иши болду. Мына ушул бай тажрыйбасы биригип келип, бир гана республикалык деңгээлдеги гана көйгөйлөр эмес, дүйнөлүк деңгээлдеги көйгөйлөргө баш оорутуу, аларды чечүүгө болгон, кырдаалдан чыгууга болгон ар кандай изденүүлөрүн жаратты.

Бул макалабызда биздин айта турган, баса белгилей турган нерсебиз – С.Байгазиевдин публицистикалык изденүүдөгү жаңыча табылгалары, жаңыча ыкмалары тууарасында болмокчу.

Ар бир маселенин күңгөй-тескейи, ак-карасы жана оң-терс жактары болот эмеспи. Айткандай, дүйнө өзү ошондой карама-каршылыктар менен кармалып тураары анык. Советбек Байгазиев көйгөйлүү маселелерди козгоодо жана өзүнүн сунуш кыла турган оюнун колго алаарлык экендигин, омоктуу ой экендигин далилдөөдө карама-карышылыктуу, эки жактуу ойлорду ачык ортого салып, талаштан тактык жаралат демекчи, талаш-тартыш, талкууга салып, оң жана терс ойлордун өз чындыгын чагылдырып, чындыктын аныгына жетүүнүн эң бир кынтыксыз жолун таап алганы менен чыгаан публицист аталып, эл жазуучусу наамын алууга татыктуу болду деген ойдобуз.

Жогоруда белгилеп өткөндөй карама-каршылыктуу, эки жактуу ойлордун талаш-тартышы, талкуусун чагылдырган, чындыктын көзүн табууда конфликттүү жагдайларды жаратууда Советбек Байгазиев өзүнүн өзгөчө чеберчилигин көрсөтө алган.

Анын "Чынгыздан карышкырга кат" (2008), "Улутум кыргыз, урааным "Манас", "Катастрофа алдында ачылган сыр" (2015), "Улут тагдыры: Москвадагы сырдашуу" (2020) аттуу публицистикалык эмгектери – диалогиялык дискуссиядан турган жаңы публицистикалык стилде жазылган чыгармалар болуп эсептелинет.

Бул публицистикалык чыгармаларды жаратууда автор толук пьеса деп атаса деле жарашмак. Бирок, драматургиянын талаптарынан тышкары, публицистиканын талаптарына ылайыкталып жазылат. Анткени, автордун негизги көздөгөнү - козголгон маселени, көтөрүлгөн көйгөйдү коомчулуктун жүрөгүнө ынанымдуу жеткирүү.

Советбек Байгазиевдин диалогиялык дискуссия түрүндө жазууга эмне үчүн аргасыз болду деген ой туулат. Себеби, ал ошол дискуссия түрүндө жазган эмгектеринде көтөрүлгөн маселелерди жөнөкөй макала иретинде да бир канча ирет гезит беттерине жарыялаган. Маселен: "Манасты" улуттун идеологиялык багыты катары белгилөөдө ал бир канча макалалардан баштап, педагогикалык колдонмолорго чейин жазган. Анда эмнеге "Улутум кыргыз, урааным Манас" (дискуссиядан улам келип чыккан идея) [6] аттуу дискуссиялык публицистиканы кайра жазууга аргасыз болду? Бул изденүүгө болгон жаңыча мамиленин бир топ себептери болгон.

Биринчиден, коомчулуктун ар бир катмары илимий тил менен, тажрыйбалуу публицисттин тили менен жазылган макаланы түшүнүп-талдап окууга мүмкүнчүлүгү болбос эле. Ошондуктан, коомдун бардык катмарына түшүнүктүү, жеткиликтүү болушуна кызыктуу дискуссия абдан жакшы шарт түзгөн.

Экинчиден: Ар бир көтөрүлгөн маселеде сөзсүз карама-каршылыктуу ойлор, конфликттер кездешүүсү толук мүмкүн эле, ошондуктан, ар бир маселенин оң-терс жагын,

ойду ачык, бетке айткан ойлорду, конфликттерди диалог, дискуссия түрүндө берүү абдан таасирдүү жана ыңгайлуу болгон.

Үчүнчүдөн, кандай маселе болбосун ага болгон коомдун көз карашы ар түрдүү болгондуктан, автор, коомдун ар бир инсанынын көз карашын, оюн сыйлап, ар бир ойдун чындыгын, ар бир ойдун баалуу экендигин, ар бир ой колдоого да алынууга мүмкүн экендигин гумандуу жүрөгү туюп, бир гана диктовка аркылуу, көрсөтмө аркылуу, кесе айткан ой аркылуу коомду тарбиялоого, коомду ынандырууга мүмкүн эмес экендигин сезип, коомдук пикирге гумандуу мамиле кылуунун жолун тапкан десек болот. Маселен: “Улутум кыргыз, урааным Манас!” аттуу дискуссияда Сакалчан чоочун жигит Сонун Жетигеновна, Асан Ормонов сыяктуу Манасты терең түшүнүп, андагы ыйык дөөлөттөрдү бүгүнкү күндүн карманар туткасы катары баалаган инсандарга каршы мындайча ой айтат: “Андай болсо, жаман боз үйүңөргө киргиле да, тыштан эч нерсени кабыл албай, керегеңерди бекем кымтылап, эшигиңерди тумчулап, түндүгүңөрдү чүмкөп алып, жалаң гана өз очогуңардагы өлүмсөк отуңарга жылынып отура бергиле!”[3] Сакалчан чоочун жигиттин дагы айткан сөздөрүнө автор кошулат. Анын дагы айткан ойлору жүйөлү. Аны биротоло терс каарман катары кабылдоодон алыс. Анткени, турмуштун өзү ушундай татаалдыктан турарын, аны кесе ак же кара деп, туура же туура эмес деп айтып, бүтүм чыгарууга болбой турган татаал маселе экендигин туюнтуу үчүн нейтралдуу персонаждардын бейнеси аркылуу маселенин чоо-жайын толук чагылдырууга жол табат.

Төртүнчүдөн, дискуссия түрүндөгү публицистикалык эмгекте адабияттын талаптарына ылайык сюжеттик линия, композициялык курулуш сакталат. Маселен: “Карышкырдан Чынгызга кат” аттуу эмгегинде адам баласын илгери сактап калган Ч.Айтматовдун “Ак кеме” повестиндеги “Бугу эне” жомогундагы Бугу энени токойдогу бардык жаныбарлар ошондо адам баласын сактабай, тукум курут кылганында, биз тынч жашайт элек, жаратылышка мындай ааламат түшпөйт эле деп, бардыгы ортого алып соттомок болушат. Ошондо Бугу энени жактоочулары да чыгат, адам баласына байланышкан жан-жаныбарлардын бир топ көйгөйлөрү абдан аянычтуу козголуп, дагы кийинки көрө турган күндөрү катуу талкууга түшөт. Акыры адамдын ушунчалык азаптуу кылыгына кейип бөкөн жардан учуп өлөт. Жан-жаныбарлар болсо адам баласы бул жер планетасында жашап турганда жашоо жок экендигин аныкташып, акыры башка планетага жашоо издеп кетмек болушат. Бул окуяны оолак жатып тыңшап отурган карышкыр акыры Чынгызга кат жазат. Ошол каты аркылуу болгон окуя сүрөттөлөт.

Ал эми “Катастрофа алдындагы ачылган сыр” аттуу публицистикалык чакан пьесасында да “Карышкырдан Чынгызга кат” чыгармасынын уландысы катары да белгилесе болот. Анда Жер планетасынын башка планетадан конокко келген Гуманоидке адам баласынын кылыктары туурасында арман кылып айтканы сүрөттөлөт. Жер планетасына кудайдан кат келет. Катта жакында жер планетасынан жандуунун баардыгы жок кылынат, болгону бир жандыкты койнуңа алып калуу мүмкүнчүлүгү бар, аны жер өзү тандоо укугун алат. Ошондо жер кайсы жандууну тандаарын билбей башы катат. Гуманоид адам баласын тандоону сунуш кылат. Бирок, адам баласы татыксыз болуп калгандыгын жер планетасынын жаратылышы бузулуп, экологиялык катастрофа болууга чейин алып келген ач көздүгү, ыпылас, ынсапсыз мамилеси менен өзүн-өзү жоготууга бара жаткандыгын жер планетасы Гуманоидке зээни кейип айтып отурат. Жер планетасындагы болуп жаткан экологиялык коркунучтуу көйгөйлөр суурдун, жер планетасынын жана гуманоиддин диалогу аркылуу өтө

маңыздуу берилет. Акыры, гуманоид адам баласы эсине келээр, адам баласын гана калтыруу керектиги жөнүндө өз сунушун айтат. Ал кандай болоору суроо бойдон калат. Бул чыгарманын финалы автордун өзүнүн жер планетасына койгон эскертүүсү, суроосу, кайрылуусу эле.

Ал эми “Улутум кыргыз, урааным Манас!” дискуссиясында автор “Манас” улут тиреги боло алабы? деген маселени кабыргасынан коюп, улут келечеги үчүн ар бир кыргызды ойлондура турган өтө олуттуу маселени козгогон. Мында автордун публицисттик чеберчилиги абдан мыкты көрүнгөн. Ал бир жактуу гана улуу “Манас” эпопеясынын мазмунуна сугарылып, улуттук жүзүн сактап калууга ынтызар инсандардын гана ойлоруна басым жасабастан, ал арай көзү чарай коомдогу болуп жаткан жылаңач чындыктын өзүн дагы, “Манасты” эски жомок катары баалап, цивилизациялуу өлкө курууда жалаң өнүккөн өлкөлөрдөн өрнөк алып жашоо саясатын эп көргөн коомчулуктун да өз чындыгын ортого салган. Алардын да ойлорун, келечекке болгон изги тилектерин сыйлап, алардын да ойлорунан омоктуу жоопторду тапканга аракет кылган. Бирок, акыры автор өзүнүн айтайын, берейин деген оюна элди ынандыруу үчүн чыгарманын аягында оң пикирдеги инсандардын ойлорунун баалуулугу сөзсүз далилденет. Бул жерде автор өзүнүн айтайын деген оюнун кынтыксыз чындыгы бар экенин далилдеш үчүн мына ушул дискуссия аркылуу, башка каармандардын ойлору аркылуу берүү ыкмасын колдонгондугу өтө билгичтик, жаңыча кадам болгон.

Советбек Байгазиевдин дискуссия түрүндө чагылдырылган эмгектери коомдун опурталдуу, келечекте сөзсүз бир козголо турган маселелерди козгоого, жол табууга, өзүнүн атуулдук, окумуштуулук жана публицисттик позициясын билдирүүгө арналган.

“Карышкырдан Чынгызга кат” жана “Катастрофа алдында ачылган сыр” дискуссия түрүндө жазылган публицистикалык ой-толгоолору масштабдуу, глобалдык экологиялык көйгөйлөргө байланышса, “Улутум кыргыз, урааным Манас!” жана “Улут тагдыры: Москвадагы сырдашуу” аттуу дискуссия-диалог формасында жазылган публицистикалык ой-толгоолору улуттун келечеги, кечээкиси, бүгүнү жана эртеңи туурасында социалдык маселелерден философиялык, идеологиялык маселелерге чейин көтөрүлгөн талаш-талкууну, дискуссияны чагылдырат.

Карап көрсөк, диалог, дискуссия, талкуу, талаш-тартыш формасында, ар бир адамдын ой-пикирин, үнүн угуу, жүрөгүн тыңшоо үчүн жазылган бул эмгектер жалаң масштабдуу, келечектүү, олуттуу маселелерди козгоого арналган экен. Демек, миллиарддаган адамдардын тагдырын камтыган масштабдуу маселелерде миллиард түрлүү ойлор, түркүн-түстүү сунуш-пикирлер болушу толук мүмкүн эле да. Публицист Советбек Байгазиев бир гана өзүнүн позициясын кур кыйкырык менен айтып коюп, бир коңулда отура берүүнү туура көргөн эмес, ал ай-ааламды тээ үстүнөн карап, ар бир адамдын, ар бир жаныбардын, ар бир кубулуштун жүрөгүн тыңшап, алардын арманын, ыйын угуп, ар биринин тагдырынын күңгөй-тескейин жүрөгүнөн өткөрүп, ар бир маселенин түбүнө түнөп отуруп, акыры ал маселени чечүүгө болгон өз көз карашын, айтайын деген оюн дагы ар биринин оюн сыйлоо менен, позициясын кабыл алуу менен гана аларга ыңгайын таап жооп берип жана өзүнүн айтайын деген оюнун мааниси, маңызы бар экендигин, ою орундуу экендигин далилдөөгө аракет кылган.

Албетте, мындай учурда автор сөзсүз фактыларды пайдаланат. Кызыгы, публицистикада кургак фактылар окурманды чарчатып жибере турган жагдайы бар эмеспи,

Советбек Байгазиев мына ошонун да окурманды сүйүп, ар бир фактыга кызыгып окуунун да жолун табат. Анда көбүнчө фантастикалуу кырдаал түзүп жиберүү дагы чеберчилиги колдоого аларлык. Маселен, карышкыр өзүнүнүн сыртынан адам баласы кандай иштерди жүргүзүп, кандай чечимдерди кабыл алып атканын жүрөгү тилинип, безилдеп айтып отурат. Анда ал өзү жөнүндөгү маалыматтарды түндөсү китепканага уурданып кирип алып окуп, өзүнө тийиштүү жерлерин кыркып алып жанына сактап жүргөнү окурманды өтө кызыктырып, ал маалыматтагы кургак сандарды ал берилүү менен, жүрөгү сыздап окуган абалга жетет. Ооба, карышкырды коргоо туурасында бир канча макалалар гезит беттерине бул карышкырдын колундагы цифралар менен далай ирет гезит бетине жарыяланса керек. Бирок, жогорудагы карышкырдын өзүнүн монологундагыдай окурманга таасир калтырбашы баарыбызга белгилүү. Советбек Байгазиевдин ар бир көйгөйдү адамдын жүрөгүнө жеткирүүдөгү чеберчилиги ушундай ар түрдүү, ар тараптуу жана масштабдуу.

Дискуссия, диалог түрүндө жазылган публицистикалык эмгектердердин коомчулукка болгон таасири өтө эффективдүү деп айтууга болот. Анткени, бул биринчиден коомдун бардык катмарына жеткиликтүү болгондуктан, театрларда сахналаштырып коюлса, окуучулардан баштап, чоңдорго чейин актерлордун эмоцияга шерелишкен сахнадагы аткаруусу, ар бир персонаждын ролун жаратуусу аркылуу ар бир адамдын жүрөгүнө жетүү мүмкүнчүлүгү бар. Айтмакчы, “Карышкырдан Чынгызга кат” аттуу публицистикалык ой-толгоолордон турган дискуссия орто мектептерде сахналаштырылып коюлуп келет. Маселен, Чүй облусунун Аламүдүн районунун Васильевка айылынын Васильевка орто мектебинин окуучулары абдан мыкты, түшүнүктүү, образдуу сахналаштырып койгон.

Советбек Байгазиевдин публицистикалык чыгармаларды дискуссия, талкуу, талаш-тартыш, диалог формасында чагылдыруусу эгемендүүлүк жылдарындагы кыргыз публицистикасына салынган жаңы чыйыр деп айтууга болот. Анткени, буга чейин коомдогу курч көйгөйлөрдү окурмандын жүрөгүнө жеткирүүгө болгон автордук изденүүдө мынчалык деңгээлде аракет болгон эмес.

“Катастрофа алдында ачылган сыр”, “Карышкырдан Чынгызга кат” аттуу публицистикалык ой-толгоолордон турган дискуссия келечекте дүйнөлүк масштабда талкууга алынып, философиялык илимде, экологиялык илимде изилденүүчү кудурет күчү бар эмгектер. Адам тагдыры, Жер планетасынын тагдыры жөнүндөгү ойлорго ширелишкен, ишенимдүү далилдерге, фактыларга ширелишкен, армандуу, зээнди кейиткен көйгөйлөргө ширелишкен бул эмгек дүйнө жүзүндө ар тараптуу илимде талкууга алынып, ар тараптуу изилденүүгө тийиш. Бул дискуссия формасындагы публицистикалык эмгек Советбек Байгазиевдин дүйнө таанымынын башталышы гана. Бул эмгектер Байгазиев бир гана публицист же педагог эмес, дүйнөлүк масштабдагы терең ойчул болгондугун келечекте ачуучу сырды катып жатат десек жаңылбайбыз.

Ал эми “Улут тагдыры: Москвадагы сырдашуу” жана “Улутум кыргыз, урааным Манас!” публицистикалык дискуссия формасындагы эмгектери келечекте улуттун барар жолуна эбегейсиз зор ресурс болуп бере турган күчтү сыйдырып турган чыгармалар деп айтса болот.

Демек, бир сөз менен жыйынтыктап айтканда, Советбек Байгазиев улут тагдыры жана дүйнө тагдыры жөнүндөгү өз позициясын билдирүүнүн эффективдүү жолун тапкан, коомчулуктун жүрөгүн тыңшай билген, ааламдын күрөө тамырын кармап, келечекке туура жол көрсөтө ала турган жаңычыл публицист деп атоого болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Байгазиев С. Кишенден бошонгон рухтун ырлары. – Б.: - 2008-ж.
2. Байгазиев С. Жалгыз кайык. – Б.: - 2020-ж.
3. Байгазиев С. Улутум кыргыз, урааным Манас! – Б.: - 2020.
4. Байгазиев С. Чынгызга карышкырдан кат.- Б.: 2008-ж.
5. Скуленко М.И. Убеждающие воздействие публицистики. (Основы теории) – Киев. 1986-ж.
6. Webster N. An American dictionary of the English language. - New York, 1828.

**List of used literature:**

1. Baigaziev S. Kishenden boshongon ruhtun yrlary. - B .: - 2008.
2. Baigaziev S. Zhalgyz kayik. - B .: - 2020.
3. Baigaziev S. Ulutum Kyrgyz, Uraanym Manas! - B .: - 2020.
4. Baygaziev S. Chyngyzga karyshkyrdan cat.- B .: 2008-Zh.
5. Skulenko M.I. Convincing impact of journalism. (Foundations of the theory) - Kiev. 1986-j.
6. Webster N. An American dictionary of the English language. - New York, 1828.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Каратаева С.К.**